


№17 (3466)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2023-жылдын
7-марты

www.erkin-too.kg


## ЖАҢЫ САЛЫК ЖОК, ЖАҢЫ ТАЛАП БАР



2-бетте

## Каныбек Иманалиев билим берүүдө заманбап өзгөрүүлөрдү жасай алабы?



3-бетте

## Улуттук илимдер академиясы улуттун уңгусу болууга тийиш



12-13-беттерде

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Иш жума

# Сот бийлиги саясий симпатиядан оолак болсун

Президент Садыр Жапаров 4-мартта сот тармагынын кызматкерлеринин күнүнө арналган салтанаттуу жыйынга катышты. Өзүнүн сүйлөгөн сөзүндө сот бийлигинин жетекчилерин, сотторду, сот тутумунун кызматкерлерин жана ардагерлерин кесиптик майрамы менен куттуктады.



Мамлекет башчысы соттордон – ак ниеттүүлүк, принципиалдуулук, чынчылдык жана кынтыксыз жүрүм-турум талап кылына тургандыгын баса белгиледи. Элибизде сот адилеттүүлүгү туралуу ташка тамга баскандай, таамай айтылган „Ыймандуу бийде тууган жок, тууганду бийде ыйман жок!“ деген накыл сөз бүгүнкү күндө дагы өз таасирин жоготкон жок. Бул накыл сөздү эч качан эсиңиздерден чыгарбаңыздар!» деди Президент.

Садыр Жапаров мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылууга, сот тутумун санариптештирүүгө, судьялардын, сот мекемелеринин аппарат кызматкерлеринин квалификациясын жана билимин жогорулатууга багытталган көптөгөн долбоорлор жүзөгө ашырылып жатканына токтолду. Ошондой эле сот тармагынын кызматкерлеринин айлык акысынын жогорулашы, судьялардын масштабдуу ротациясы, ротация болгон судьялар үчүн кызматтык турак жайлардын курулуп жатышы азырынча жетишилген ийгиликтин чети гана десек болот. Мамлекет башчысы сот бийлигинен жеке кызыкчылыктан, саясий симпатиядан оолак болуусун талап кылды.

## Улуттук кийим – ал элдин тарыхы

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата мындан жыйырма жыл мурда Бишкекте симпозиум өтүп, журналист катары ага катышкан элем. Ошондо бир катар орус жана түрк окумуштуулары менен кыскача маектешүүлөрдө бир түрк окумуштуусу “кыргыздардын уникалдуулугу байыркы уруулук түзүлүшүн, кийиз буюмдарын, улуттук кийимдерин ушул күнгө чейин сактап, колдонуп келгенинде” деп айтты эле. Президент Садыр Жапаров 5-март Ак калпак күнүнө карата куттуктоосунда кыргыздын Ак калпагынын уникалдуулугу – анын азыркы күндө дагы калың элдин арасында колдонулуп, тарыхый салттарды улап келе жатканында деп баса белгиледи. “Бүгүнкү күндө да жалпы кыргызстандыктар элибиздин салттуу кийимдерин урматтап, муундан муунга аяр өткөрүп келе жатканы мунун айдан ачык далили. Улуттук кийим – бул жөн эле кийим эмес, ал элдин тарыхы, маданияты, каада-салты жана жашоо-турмушу. Ал улуттун өзгөчөлүгүнүн таасын көрсөткүчү” дейт Президент.

Мамлекет башчысы Ак калпак күнүнө карата куттуктоосунда маданий мурастарды алып жүрүүчүлөр болгон кол өнөрчүлөрүбүзгө да терең ыраазычылыгын билдирди.

## Керегем сага айтам, аткаминерим сен ук

Эми ишенип берилген кызматты татыктуу аткарбасаң жогорку бийлик чекеңден сылабайт. Эптеп кызматка жетсем отура берем деген ойдон алыс болуп, эл менен эл, жер менен жер болуп ишиңдин натыйжасын көрсөтпөсөң абалың чатак. Кечээ жакында Президенттин чечими менен бир катар райондордун акимдерине жана шаар мэрлерине сөгүш жарыяланып, айрым жетекчилер кызматынан шыпырылды.

2022-жылдын жыйынтыгы боюнча өз милдеттерин татыктуу аткара албаган, анын ичинде жер амнистиясын жүргүзүү боюнча түзүлгөн комиссиянын ишин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Президенттин чечими менен Жумгал районунун акими Ж.Матанбаев, Аламүдүн районунун акими Б. Анаркуловдор кызматынан бошотулуп, дагы жоон топ аткаминерлер сөгүш жана эскертүү алышты.

## Жаңы салык жок, жаңы талап бар

Айрым учурларда бийлик жаңы салыктарды ойлоп таап, элдин жонунан кайыш тилүүгө өттү деген сөздөр айтыла калып жүрөт. Чындыгында акыркы жылдары мамлекет бир дагы жаңы салыкты киргизген жок. Бул туурасында Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетинин жыйынында билдирди.



Анын айтымында бийлик болгону учурдагы мыйзам талабына ылайык контролдук-кассалык машиналарды орнотуп, ал аркылуу иштөөнү гана суранып жатат. Маалыматка ылайык контролдук-кассалык машиналар ишке киргизилгенден тартып салыктык түшүүлөрдүн динамикасы өсүүдө. “Бул биздин туура жолдо экенибизди айгинелейт. Бизнес ар кандай “күңүрт”, же көмүскө схемаларды колдонбостон, ачык-айкын жана чынчыл иштеши керек» деди А.Жапаров. Анын пикири боюнча азыр салык чогултуу кыйла жакшырды. Мындан ары да Министрлер Кабинети фискалдык системаны жакшыртууну көздөөдө.

## Эми илим тармагынын “ити чөп жей” баштайбы?

Эгемендик жылдарында мамлекет илим тармагын каржылык жактан тиешелүү колдоого ала албай, илим чөйрөсү аябай эле каржалып, аларга эч ким көңүл бургандай болгон жок. Мындан ары жыл сайын мамлекеттик органдарга бөлүнгөн каражаттардын 1%ы илимий изилдөөлөргө багытталат. Мындай жаңылыкты Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетинин ишемби күнү өткөн жыйынында билдирди.

МинКабдын башчысынын эсеби боюнча бул болжолдуу түрдө жыл сайын 5 млрд сомго жакын каражат болуп саналат. “Мамлекеттик органдар ата мекендик окумуштуулар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түзүмүнө кирген илимий-изилдөө институттары тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөргө тапшырыкчы болууга тийиш. Ошол эле учурда натыйжалуулугу өтө төмөн болгон Улуттук илим фондун кайра түзүү зарыл» деди Министрлер Кабинетинин башчысы.

## Төрөбаев “Кошулбоо кыймылы” саммитине катышты

Министрлер Капбинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев Азербайжандын Баку шаарында өткөн “Кошулбоо кыймылынын” Байланыш тобунун Саммитинин жыйынына катышты.




Белгилей кетсек, иш-чара 70тен ашуун мамлекеттин делегациялары жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда өттү. “Кошулбоо кыймылы” Саммити – COVID-19 пандемиясынан кийинки абалды калыбына келтирүүгө арналган. Бакыт Төрөбаев Президент Садыр Жапаровдун саламын Саммиттин Төрагасы Ильхам Алиевге жана бардык катышуучуларга жолдоду.

Саммиттен кийин Бакыт Төрөбаев аймактагы кабель чыгаруучу эң ири ишканалардын бири Сумгаит технологиялык паркынын иши менен таанышып, эки тараптуу кызматташтык маселеси талкууланды.

## “Камбар-Ата-1” ГЭСин куруу француздарды да кызыктырат

“Камбар-Ата-1” ГЭСин курууда француздук“EDF Energy” энергетикалык компаниясы менен кызматташуу мүмкүндүгү бар. Президенттин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын башчысы Айбек Жунушалиев Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугуна болгон жумуш сапары учурунда Франциянын өкүлдөрү менен мына ушул маселени талкуулады.

Эске салсак, Президент Садыр Жапаров “EDF Energy”-компаниясынын жетекчиси Беатрис Бюффон менен 2022-жылдын ноябрында Бишкекте жолугушкан. Айбек Жунушалиевдин француздар менен кездешүүсү ошол жолугушуунун жыйынтыктарын ишке ашыруунун алкагында өттү.

Жолугушууда долбоорду ишке ашыруунун каржылык аспектилерин жана кызматташуу шарттарын мындан ары талкуулоо боюнча Бишкекте бир катар кошумча жолугушууларды өткөрүү боюнча макулдашууга жетишилди.

Даярдаган
**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Ишеним чоң

# Заманбап реформаларды Каныбек Иманалиевден күтөбүз

Эми билим берүү тармагында чындап жаңы багытта реформалар жүрчүдөй болуп турат. Мамлекет жетекчилиги билим берүүнүн советтик системасынан чыгып, заманбап өзгөрүүлөрдү жасай алат деп Каныбек Иманалиевге ишеним көргөзгөнү жакшы иш болду. Президентибиз Садыр Жапаров, мамлекеттин кызыкчылыгы дегенде "айттыңдедиң" деген майда сөз кеп эместигин далилдеди.



Жогорку Кеңеште айрым депутаттар Каныбек Иманалиевди министрликке дайындоого макулдук берүү маселесин караганда билим берүүнүн сапатын көтөрүү боюнча алгылыктуу жаңы бир ойлорду, сунуштарды айткандын ордуна парламентти сөз териштирүүнүн аянтчасына айлантып жибере жаздашпадыбы. Мамлекеттин жогорку жетекчилиги жөн адамга ишеним кыла бербейт. Азыр маанисиз майда сөздөр менен майдаланып отурчу учур эмес. Андан көрө Каныбек Иманалиев айтып жаткан билим берүү тармагында жасалчу реформаларга сарсеп салбайлыбы, ыя. А акыйкатта Каныбек Иманалиев окутуу программалары, ыкмалары, мугалимдин кадырын көтөрүү багытында жаңы ой, жаңы багыттарды айтып, бул тармакты жаңы сапаттарга көтөрүүгө чоң ички даярдыгы менен келгенин көрсөттү. Эң эле кыска убакыттын ичинде тармакты толук иликтеп чыкканга үлгүрүптүр. Берилген суроолорго шакылдап жооп берип жатканын көрдүк. Жаңы министр айткандай эле бизде лидердик сапат, сын ой жүгүртүү, дискуссия кыла билүүгө үйрөткөн предметтер дегеле жок, а бүт дүйнө азыр ушуну окуп жатат. Биздин балдар болсо баягыдай эле аныктама, теоремаларды жаттап отурат.

Жаңы министр айткандай, дүйнөдө эң керектүү 10 кесип болсо, биздин окуу жайлардын бири да ал кесиптер боюнча кадр даярдап чыгарбайт экен. Канча убакыттан бери билим берүү тармагына реформа дейбиз, эгерде балдарыбызга заман талап кылган билимди бербесек анда эмнеси реформа? Кечээ жакында биздин бир коллегабыз микрофонун көтөрүп алып билим берүүдө ушундан башка проблема жок калгансып мектептин эшиктерезеси чаң, эмнеге министрликке эл келсе кире албайт деп ызы-чуу салып, жаңы министрге ат көтөргүс доомattарын койду. Биз деги министрди иштетебизби?.. Эгерде каалаган киши эле министрдин эшигин түртүп кирип келе берсе министр келген адамдарды тосуп, узатып эле отуруп калат го. Чындыгында министр учуру келгенде кабинетинде камалып отурчулардан эмес. Ал эл аралап, элдин көйгөй-каалоосун угуп жүргөн адам. 2005-жылкы революциядан кийинки мезгилде парламенттик шайлоодо Бишкектин бир мандаттуу округунан ишенимдүү түрдө жеңишке жетишип, депутат болуп шайланышы ага элдин берген баасы болчу. Жаңы министр бир тармакты эмес, бүтүндөй мамлекеттик маселелерди чечүүгө катышып калган кезинде да бой көтөрүү дегенди билбеген нанжапыс адам экенин көпчүлүк билет.

Каныбек Иманалиев саясатчы гана эмес тунук акылы, терең интеллекти, оргуштаган чыгармачыл дүйнөсү, жалындуу сөздөрү жана жаркыраган идеялары, эмгекчилдиги менен жамы журтка таанылган адам. Андыктан билим берүү тармагына жаңычыл, абалды өзгөртүүгө жөндөмдүү адам келди деп айтсак болот. Эми убакыт берип, ишинин жыйынтыгын күтө турбайлыбы, кыйкымчылдык кыла бербей...

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Арачы

**Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Куткаруучуларды даярдоочу мамлекеттик борбордун куткаруучу-кинологу Чыңгыз ЖУМАБЕКОВ:**

# "Түркиядан келгенден кийин өзгөрдүм"

Ата Мекенди коргоочулардын күнүнө карата «Эркин -Тоо» гезити "Мекенчил мырза" сыйлыгын уюштуруп, элине кызмат өтөп, эмгегинен баар тапкан, ар тармакта өзүнүн иши менен өзгөчөлөнгөн мырзаларга сыйлык тапшырды. Алардын катарында биринчилерден болуп бир ай мурда Түркияда болгон зилзаланын кесепеттерин жоюу жана адамдарды куткаруу үчүн биздин өлкөдөн барган куткаруучулар тобу турду.
Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Куткаруучуларды даярдоочу мамлекеттик борбордун башчысы-командири Ырыспек Жолдошбаев жана ушул эле борбордун куткаруучу-кинологу Чыңгыз Жумабековго сыйлык тапшырып, маекке тарттык.




**- Чыңгыз мырза, куткаруучулук ишиңиздеги каармандуулук үчүн алган сыйлыгыңыз кут болсун!**

- Рахмат! Түркияга барып келген бардык куткаруучуларга жана куткаруучу иттерге азыр ыраазычылыктар айтылып жатат. Албетте ага кубануудабыз. Бирок, биз өтө кейиштүү абалга туш болгон элге, жерге барып кайттык. Азыр андай кырсыктар болбосун деп эле тилеnип калдык. Жада калса иттерибиз да ал жердеги кайгы менен капачылыкты сезип келишти.

**- Сиз бүгүн жаныңызга куткаруучу иттердин бирин ала келипсиз. Иттин аты ким?**

- Гром, бир жарым жашта. Күчүк кезинен бери өзүм багып келе жатам. Экөөбүз айбай жакынбыз. Түркияда кырсык каталганда эле дароо учуп кеткенбиз. Дагы бир Грей деген итти да алып барганбыз. Ал 8 жашта. Иттерибиз барганда эле ыйлаган элдерди көрүп маанайлары кадимкидей түшүп калды. Биздин айткан буйруктарыбыздын баарын аткарып, жанталашып иштеп жатышты. Булар адамдын жытын билишет. Урандыларга коё берсек, өздөрү эле жыт издешип, чуркап, адамдарды куткарып жатышты. Ар кайсы урандынын алдын жыттап чуркап, жер чукуп жүрүштү. Уктасак укташат. Турсак турушат. Бир тамак жеп, бир суу ичип жаттык. Мен тамак жесем жанымда туруп, тамагымдын жарымын жейт. Суу ичсем суумдун жарымын ичет.

**- Громдун мүнөзү кандай?**

- Жоош ит. Бирок, адам жакпаса кабанаак болуп кетет. Биз учакка түшкөндө иттер кадимки жүргүнчүлөрдөй эле салондо кетишти. Барганча уктап барып, кайра кайтканда да уктап келди. Баарын сезип, билип турду. Акылдуу иттер. Бардык кырдаалга жараша өзүн алып жүрүүгө үйрөтүлүшкөн. Айткан буйрукту дароо аткарышат.

**- Сиздерге жасаган ишиңиздер үчүн дагы бир жолу ыраазычылык айтабыз.**

- Кырсык болбосун. Биздин ишибиз куткаруучулук. Ар кандай кырдаалга тушуккан адамдарга жардам берүү. Бирок, мен эч качан бул ишимде ушунчалык чоң масштабдагы зилзалада куткаруучулук кылам деп ойлогон эмесмин. Жеке мен бул окуядан кийин байлык, бийлик, жыйган дүнүйөбүз эч нерсеге татыбасын түшүндүм. Эң негизгиси – жакындарыңдын амандыгы, дүйнөнүн тынчтыгы тура. Кыргызстанга кайтып келген соң ата-эне, бир туугандарга, адамдарга болгон мамилем, жашоо образым өзгөрө түштү.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## «КООПЕРАТИВДЕР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 2-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Кооперативдер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №10, 436-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула күчүн жоготту деп таанылсын;

2) төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-статья менен толукталсын:

«$1^1$-статья. Ушул Мыйзамдын жөнгө салуу предмети

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын кооперативдерин жана алардын бирликтерин түзүүнүн жана алардын ишинин укуктук жана экономикалык негиздерин аныктайт.

Кооперативдерди жана алардын бирликтерин түзүүгө жана алардын ишине байланышкан мамилелер ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.»;

3) 5-статьянын 5-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

4) 10-статьяда:

а) 2-пунктта «учурдан баштап» деген сөздөр «күндөн баштап» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-пунктта:

- биринчи абзацта «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында» деген сөздөр «юридикалык жактарды каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- экинчи абзацта «мыйзамда белгиленген тартипте сотко» деген сөздөр «административдик иш жана административдик жол-жоболор чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 15-статьянын 1-пунктунда «чыгарылышы мүмкүн» деген сөздөр «чыгарылат» деген сөзгө алмаштырылсын;

6) 24-статьянын 1-пунктунун экинчи абзацында «алып салынбаган (же жоюлбаган)» деген сөздөр «жоюлбаган» деген сөзгө алмаштырылсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 3-марты, №45***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О КООПЕРАТИВАХ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 2 февраля 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О кооперативах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №10, ст. 436) следующие изменения:

1) преамбулу признать утратившей силу;

2) дополнить статьей $1^1$ следующего содержания:

«Статья $1^1$. Предмет регулирования настоящего Закона

Настоящий Закон определяет правовые и экономические основы образования и деятельности кооперативов Кыргызской Республики и их союзов.

Отношения, связанные с образованием и деятельностью кооперативов и их союзов, регулируются настоящим Законом и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.»;

3) пункт 5 статьи 5 признать утратившим силу;

4) в статье 10:

а) в пункте 2 слова «с момента» заменить словами «со дня»;

б) в пункте 3:

- в абзаце первом слова «Законом Кыргызской Республики «О государственной регистрации юридических лиц, филиалов (представительств)» заменить словами «законодательством Кыргызской Республики в сфере регистрации юридических лиц»;

- в абзаце втором слова «в суде в установленном законом порядке» заменить словами «в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере административной деятельности и административных процедур»;

5) в пункте 1 статьи 15 слова «может быть исключен» заменить словом «исключается»;

6) в абзаце втором пункта 1 статьи 24 слова «не снятую (или не погашенную)» заменить словами «не погашенную».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 3 марта 2023 года, №45***

## 2022-ЖЫЛДЫН 11-ОКТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН АЗЕРБАЙЖАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ АЗЕРБАЙЖАН-КЫРГЫЗ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 22-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 11-октябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Азербайжан Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Азербайжан-Кыргыз өнүктүрүү фондун түзүү жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө азербайжан тарапка белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 3-марты, №46***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ АЗЕРБАЙДЖАНСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О СОЗДАНИИ АЗЕРБАЙДЖАНО-КЫРГЫЗСКОГО ФОНДА РАЗВИТИЯ, ПОДПИСАННОГО 11 ОКТЯБРЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 22 февраля 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Азербайджанской Республики о создании Азербайджано-Кыргызского Фонда развития, подписанное 11 октября 2022 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить азербайджанскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 3 марта 2023 года, №46***

## 2022-ЖЫЛДЫН 31-ОКТЯБРЫНДА БИРИККЕН АРАБ ЭМИРАТТАРЫНЫН АБУ-ДАБИ ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИ МЕНЕН АБУ-ДАБИ ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА БИРГЕЛЕШКЕН ХОЛДИНГ КОМПАНИЯСЫН ТҮЗҮҮ БОЮНЧА КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 9-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2022-жылдын 31-октябрында Бириккен Араб Эмираттарынын Абу-Даби шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен Абу-Даби өнүктүрүү фондунун ортосундагы Кыргыз Республикасында Биргелешкен холдинг компаниясын түзүү боюнча кызматташтык жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Абу-Даби өнүктүрүү фондуна белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 3-марты, №47***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О СОТРУДНИЧЕСТВЕ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, В ЛИЦЕ МИНИСТЕРСТВА ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, И ФОНДОМ РАЗВИТИЯ АБУ-ДАБИ ОТНОСИТЕЛЬНО СОЗДАНИЯ СОВМЕСТНОЙ ХОЛДИНГОВОЙ КОМПАНИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ, ПОДПИСАННОГО 31 ОКТЯБРЯ 2022 ГОДА В ГОРОДЕ АБУ-ДАБИ, ОБЪЕДИНЕННЫЕ АРАБСКИЕ ЭМИРАТЫ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 9 февраля 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение о сотрудничестве между Кабинетом Министров Кыргызской Республики, в лице Министерства экономики и коммерции Кыргызской Республики, и Фондом развития Абу-Даби относительно создания Совместной холдинговой компании в Кыргызской Республике, подписанное 31 октября 2022 года в городе Абу-Даби, Объединенные Арабские Эмираты.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Фонд развития Абу-Даби о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 3 марта 2023 года, №47***

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ УЛГАЙГАН ЖАРАНДАР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 25-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Кыргыз Республикасындагы улгайган жарандар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., №7, 1036-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-беренеде "эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптерине жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине" деген сөздөр "эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 2-берененин үчүнчү абзацы "улгайган жарандар -" деген сөздөрдөн кийин "мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" деген сөздөр менен толукталсын;

3) 3-беренеде "Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган," деген сөздөр алып салынсын;

4) 4-берененин 2-бөлүгү "социалдык колдоо" деген сөздөрдөн кийин ", ошондой эле маалыматка жана билим берүүгө, спортко жана маданиятка жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу" деген сөздөр менен толукталсын;

5) 5-берене төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи - он биринчи абзацтар менен толукталсын:

"- адилеттүүлүктүн жана өз ара жардамдашуунун негизинде муундардын ортосундагы тилектештикти бекемдөөнү пропагандалоо;

- жаштар менен билим жана тажрыйба алмашуу аркылуу өсүп келе жаткан муунду атуулдукка тарбиялоодо улгайган жарандардын катышуусу;

- улгайган жарандардын жарандык укуктарын сактоо жана кадыр-баркын сыйлоо;

- улгайган жарандардын өзүн өнүктүрүүсү, анын ичинде билим алуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;

- улгайган жарандарга карата терс мамилелерди жана басмырлоону жоюу.";

6) 6-берененин 2-бөлүгүндө "мамлекеттик буюртма" деген сөздөр "мамлекеттик социалдык заказ" деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 7-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Коммерциялык эмес уюмдар "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте улгайган жарандарга социалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн мамлекеттик социалдык заказ алууга конкурстарга катышууга укуктуу.";

8) 8-беренеде:

а) "Улгайган жарандар" деген сөздөр "1. Улгайган жарандар" деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) берене "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөрдөн кийин ", шайланган органдардын өкүлчүлүгүнүн" деген сөздөр менен толукталсын;

в) берене төмөнкүдөй мазмундагы 2-бөлүк менен толукталсын:

"2. Мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган, бюджеттен тышкаркы каражаттардын алкагында түзүлгөн келишимдердин негизинде милдеттерди ишке ашыруу үчүн улгайган жарандарды ишке тартууга укуктуу.";

9) 9-берененин 1-бөлүгүндө "Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган," деген сөздөр алып салынсын;

10) 12-беренеде "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

11) 13-берене "Улгайган жарандарга" деген сөздөрдөн кийин "пенсиялык камсыздоо жана мамлекеттик төлөмдөр чөйрөсүндөгү" деген сөздөр менен толукталсын;

12) 16-беренеде:

а) аталышында жана 1-бөлүктө "адистештирилген" деген сөз "социалдык" деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүктө "Адистештирилген" деген сөз "Социалдык" деген сөзгө алмаштырылсын;

13) 17-берененин 3-бөлүгү "арызынын негизинде мамлекет ага" деген сөздөрдөн кийин "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык" деген сөздөр менен толукталсын;

14) 19-берененин 2-бөлүгүндө "Өкмөтү" деген сөз "Министрлер Кабинети" деген сөздөргө алмаштырылсын;

15) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $20^1$-берене менен толукталсын:

"$20^1$-берене. Өзгөчө кырдаалдар же табигый кырсыктар учурунда улгайган жарандарды камсыз кылуу

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзгөчө кырдаалдар же табигый кырсыктар учурунда улгайган жарандардын азык-түлүккө, турак жайга жана медициналык тейлөөгө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.".

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 3-марты, №48***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ПОЖИЛЫХ ГРАЖДАНАХ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 января 2023 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О пожилых гражданах в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2011 г., №7, ст. 1036) следующие изменения:

1) в статье 1 слова «общепринятыми принципами международного права и международными договорами Кыргызской Республики» заменить словами «общепризнанными принципами и нормами международного права, а также международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики»;

2) абзац третий статьи 2 после слов «Кыргызской Республики» дополнить словами «о государственном пенсионном социальном страховании»;

3) в статье 3 слова «, участницей которых является Кыргызская Республика» исключить;

4) часть 2 статьи 4 после слов «социальной поддержки» дополнить словами «, а также обеспечение доступа к информации и образованию, спорту и культуре».

5) статью 5 дополнить абзацами седьмым - одиннадцатым следующего содержания:

«-пропаганда укрепления солидарности между поколениями на основе справедливости и взаимопомощи;

- участие пожилых граждан в патриотическом воспитании подрастающего поколения путем обмена знаниями и опытом с молодежью;

- соблюдение гражданских прав и уважение достоинства пожилых граждан;

- создание равных возможностей для самореализации пожилых граждан, в том числе в получении образования;

- искоренение негативного отношения и дискриминации в отношении пожилых граждан.»;

6) в части 2 статьи 6 слова «государственный заказ» заменить словами «государственный социальный заказ»;

7) часть 2 статьи 7 изложить в следующей редакции:

«2. Некоммерческие организации имеют право участвовать в конкурсах на получение государственного социального заказа для оказания социальных услуг пожилым гражданам в порядке, установленном Законом Кыргызской Республики «О государственном социальном заказе».»;

8) в статье 8:

а) слова «Пожилые граждане» заменить словами «1. Пожилые граждане»;

б) статью после слов «органов местного самоуправления,» дополнить словами «представленностью в выборных органах,»;

в) статью дополнить частью 2 следующего содержания:

«2. Государственные органы вправе привлекать пожилых граждан для реализации задач на основании заключенных договоров в рамках внебюджетных средств, не запрещенных законодательством Кыргызской Республики.»;

9) в части 1 статьи 9 слова «, участницей которых является Кыргызская Республика» исключить;

10) в статье 12 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

11) статью 13 после слов «Кыргызской Республики» дополнить словами «в сфере пенсионного обеспечения и государственных выплат»;

12) в статье 16:

а) в наименовании и части 1 слова «в специализированных» заменить словами «в социальных»;

б) в части 2 слова «В специализированных» заменить словами «В социальных»;

13) часть 3 статьи 17 после слов «бесплатной юридической помощи» дополнить словами «согласно Закону Кыргызской Республики «О гарантированной государством юридической помощи»;

14) в части 2 статьи 19 слово «Правительством» заменить словами «Кабинетом Министров»;

15) Закон дополнить статьей $20^1$ следующего содержания:

«Статья $20^1$. Обеспечение пожилых граждан во время чрезвычайных ситуаций или стихийных бедствий

Государственные органы и органы местного самоуправления во время чрезвычайных ситуаций или стихийных бедствий обеспечивают пожилым гражданам доступ к продовольствию, жилью и медицинскому обслуживанию.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в двухмесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 3 марта 2023 года, №48***

## 2020-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШУУЧУ МАМЛЕКЕТТЕРДИН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН БИРГЕЛЕШКЕН (БИРИККЕН) БАЙЛАНЫШ СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 25-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2020-жылдын 29-майында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышуучу мамлекеттердин куралдуу күчтөрүнүн биргелешкен (бириккен) байланыш системасы жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 3-марты, №50***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О СОВМЕСТНОЙ (ОБЪЕДИНЕННОЙ) СИСТЕМЕ СВЯЗИ ВООРУЖЕННЫХ СИЛ ГОСУДАРСТВ – УЧАСТНИКОВ СОДРУЖЕСТВА НЕЗАВИСИМЫХ ГОСУДАРСТВ, ПОДПИСАННОГО 29 МАЯ 2020 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 января 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение о Совместной (объединенной) системе связи вооруженных сил государств - участников Содружества Независимых Государств, подписанное 29 мая 2020 года.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Исполнительный комитет Содружества Независимых Государств о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 3 марта 2023 года, №50***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 1-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) "Алып сатарлык, законсуз соода иши үчүн жана соодада кыянаттык иш кылгандык үчүн жоопкерчиликти күчөтүү маселелери боюнча Кыргыз ССРинин кээ бир закон актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 5-февралындагы №369-XII Закону;

2) "Нооруз элдик майрам күнүн белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1991 -жылдын 5-февралындагы №380- XII Закону;

3) "Кыргыз Республикасынын кээ бир закон актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1991-жылдын 28-июнундагы №522-XII Мыйзамы;

4) "Кыргыз Республикасынын Нике жана үй-бүлө жөнүндө Кодексинин 94-статьясына өзгөртүү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 29-июнундагы №917- XII Мыйзамы;

5) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 18-декабрындагы №1091-XII Мыйзамы (Кыргызстан Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1993-ж., №2, 62-ст.);

6) "Кыргыз Республикасынын Жазык, Жазык-процессуалдык жана Түзөтүү-эмгек кодекстерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1992-жылдын 18-декабрындагы №1096-XII Мыйзамы;

7) "Кыргыз Республикасынын Жазык, Жазык-процессуалдык кодекстерине жана Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 3-мартындагы №789-XII Мыйзамы;

8) "Кыргыз Республикасынын Административдик укук бузуулар жөнүндөгү кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1993-жылдын 14-декабрындагы №1300-XII Мыйзамы;

9) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1994-жылдын 12-январындагы №1394-XII Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., №3, 95-ст.);

10) "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 16-апрелиндеги №11 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №5, 73-ст.);

11) "Кыргыз Республикасынын Жазык, Жазык-процессуалдык кодекстерине жана Административдик укук бузуулар жөнүндө кодексине толуктоолорду киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 13-майындагы №18 Мыйзамы ("Эркин-Тоо" газетасы, 1996-жылдын 22-майы, №74-75);

12) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1996-жылдын 17-июнундагы №21 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1996-ж., №7, 88-ст.);

13) "1998-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 17-январындагы №9 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №3, 70-ст.);

14) "1998-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 13-апрелиндеги №47 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №8,243-ст.);

15) "1998-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 6-майындагы №59 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., №8, 255-ст.);

16) "Кыргыз Республикасынын айрым Мыйзам актыларына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 31-октябрындагы №138 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., №3, 91-ст.);

17) "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарын белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 13-ноябрындагы №143 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №3, 95-ст.);

18) "1999-жылга Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруунун мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө"' Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 26-декабрындагы №158 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №3, 198-ст.);

19) "Алай, Чоң-Алай жана Кара-Кулжа эркин экономикалык зоналарын жоюу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 18-январындагы №11 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №5, 262-ст.);

20) "1999-жылга сугат суусун берүү боюнча кызматтарды көрсөткөндүк үчүн тарифтерди белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 24-мартындагы №32 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №8, 393-ст.);

21) "1999-жылга Кыргыз Республикасындагы юридикалык жана жеке жактар тарабынан ташылып келинүүчү жана өндүрүлүүчү акциздик товарларга акциз салыгынын базалык ставкалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 8-июлундагы №67 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №12, 535-ст.);

22) "Жер пайдалануучуларга шаар жана айыл жерлеринде берилген айыл чарбасына жарактуу жерлерди, жер участокторун пайдалануу укугу үчүн 1999-жылга бирдиктүү айыл чарба салыгынын негизги өлчөмдөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 13-июлундагы №70 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №12, 538-ст.);

23) "1999-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруунун мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 21-июлундагы №90 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №1, 15-ст.);

24) "Жер пайдалануучуларга шаар жана айыл жерлеринде берилген айыл чарбасына жарактуу жерлерди, жер участокторун пайдалануу укугу үчүн 2000-жылга бирдиктүү айыл чарба салыгынын негизги өлчөмдөрү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 22-сентябрындагы №98 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №2, 89-ст.);

25) "Кыргыз Республикасынын "Данакер" орденин белгилөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 12-ноябрындагы №122 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №4, 162-ст.);

26) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы туризм жана спорт боюнча мамлекеттик агентствого III борбордук Азия оюндарын өткөрүү үчүн бажы жыйымдарын, алымдарын жана КНСти төлөө боюнча жеңилдиктерди берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 30-ноябрындагы №133 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №4, 173-ст.);

27) "2000-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 18-январындагы №28 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №5, 253-ст.);

28) "2000-жылга жумушсуздук боюнча негизги жөлөкпулдун өлчөмү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 7-июнундагы №55 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №7, 365-ст.);

29) "Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 57-статьясынын экинчи бөлүгүн чечмелөө тууралу" Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 24-июлундагы №63 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №7,373-ст.);

30) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2000-жылдын 13-ноябрындагы №85 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., №10, 632-ст.);

31) "Кытайга чыгуу менен Балыкчы - Жалал-Абад - Торугарт темир жолун куруу» долбоорунун артыкчылыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 5-февралындагы №18 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №1, 4-ст.);

32) "2001-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 23-февралындагы №25 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №2, 43-ст.);

33) "2001-жылга айыл чарбасына жарактуу жерлерди, короо-жай жана дачалык жер участокторун пайдалануу укугу үчүн бирдиктүү айыл чарба салыгынын базалык ставкалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 2-мартындагы №27 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №2, 45-ст.);

34) "2000-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу мүчөлүк акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 4-майындагы №38 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №4, 98-ст.);

35) "Ош областынын Чоң-Алай районундагы Кара-Тейит айылынын жабыр тарткан үй-бүлөлөрүнө жаңыдан курулган 20 жеке турак үйдү акысыз берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 27-сентябрындагы №85 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №9, 333-ст.);

36) "2002-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу акыларынын тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 7-декабрындагы №103 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №12, 486-ст.);

37) "2002-жылга айыл чарбасына жарактуу жерлерди, короо алдындагы жана дачалык жер участокторун, калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарбасына арналбаган жерлерди пайдалангандык үчүн жер салыгынын базалык ставкалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 7-декабрындагы №104 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., №12, 487-ст.);

38) "Дары-дармек каражаттары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 23-июлундагы №126 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №9, 414-ст.);

39) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 25-июлундагы №130 Мыйзамынын 6 жана 11-беренелери (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №9, 418-ст.);

40) "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдери боюнча Өзбекстан Республикасына газга алмашууга продукцияны 1993-1994- жана 1998-жылдарда клирингдик жөнөтүүлөрдү аткарган республиканын чарбакер субъекттеринин алдында мамлекеттин карызын таануу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 26-сентябрындагы №139 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №11, 454-ст.);

41) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 16-октябрындагы №141 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №11, 456-ст.);

42) "2003-жылга мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 15-февралындагы №34 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №4, 185-ст.);

43) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 19-февралындагы №42 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №4, 193-ст.);

44) "Кыргыз Республикасындагы Ош - Сарыташ - Эркечтам жолун реабилитациялоо" долбоорунун артыкчылыктуулугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 12-апрелиндеги №72 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №7, 258-ст.);

45) "2003-жылга айыл чарбасына жарактуу жерлерди, короо алдындагы жана дачалык жер участокторун, калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарбасына арналбаган жерлерди пайдалангандык үчүн жер салыгынын базалык ставкалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 25-апрелиндеги №87 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №7,273-ст.);

46) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 11-июнундагы №99 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №9, 359-ст.);

47) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 5-августундагы №192 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №12, 549-ст.);

48) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 9-августундагы №193 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., №12, 550-ст.);

49) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине жана Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө" кодексине толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 14-ноябрындагы №221 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №2, 71-ст.);

50) "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 15-февралындагы №13 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №5, 234-ст.);

51) "Айыл чарба жерлерин, короо алдындагы жана дачалык жер участкаларын, калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарбасына арналбаган жерлерди пайдалангандык үчүн жер салыгынын 2004-жылга карата базалык ставкалары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 22-мартындагы №45 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №7, 307-ст.);

52) "Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексине жана "Адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-мартындагы №47 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №7, 309-ст.);

53) "Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексине толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 27-июлундагы №101 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №11, 508-ст.);

54) "1994-жылдагы табигый кырсыктан жапа чеккен Кыргыз Республикасынын Ош областындагы Өзгөн районунун Сөгөт айылынын тургундарына мурда берилген ссудаларды кечүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 30-сентябрындагы №172 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., №2, 98-ст.);

55) "Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндөгү кодекске жана Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексине өзгөртүүлөр киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 23-декабрындагы №194 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., №3, 181-ст.);

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын президенти, мүчө-корреспондент К.Э.Абдрахматов академиялык илимдин абалы жана жакынкы келечектеги фундаменталдык жана прикладдык илимдердин негизги артыкчылыктары тууралуу маалыматтарды айтып берди. Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын айланасындагы болуп жаткан ар кандай кептердин канчалык деңгээлде чындыгы бар экендигин өз пикиринде билдирип, Министрлер Кабинетинин Төрагасы Жапаров Акылбек Үсөнбековичтин катышуусунда өтүп жаткан жыйында, талкуудан тактык жаралат демекчи, буга чейин жаралып келген маселелерге чекит коюла турган иш-аракеттердин башталышы экендигин белгиледи. Залкар илимпоздор менен бирге мамлекетибиздин кубаттуу, күчтүү өлкөгө айлануусунда илимдер академиясы канчалык салым кошуп, эмнелерди жасап бере ала тургандыктарын талкуулоо учурларына дээрлик баардык эле илимпоздор даяр турушканы байкалды. Анткени ушул маселелер Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкен 31 жыл ичинде уламулам окумуштуулар чөйрөсүндө талкууланып келгендиктен, учурдун маанилүү маселеси катары баардык илимпоздордун жан дүйнөсүндө жеке аныктама, көз караштары менен бирге калыптанып калгандыгына мезгил өзү себеп болгон эле.

## Фундаменталдык жана прикладдык илимдин келечеги

**КРнын УИАсынын Президенти, мүчө-корреспонденти Канат Абдрахматов “Академиялык учурдун абалы, фундаменталдык жана прикладдык илимдин келечектеги негизги артыкчылык багыттары” деген аталыштагы кеңири баяндама жасады. Ал өз сөзүндө мына буларга токтолду.**

- Урматтуу Акылбек Үсөнбекович, КРнын УИАсы мамлекетибиздеги куттуу мекеме. Илимдер академиясынын жана илимдер академиясына кызмат кылган илимпоз-окумуштууларга көңүл буруп, алардын кадырбаркын арттырууга мезгил жетти. “Академиялык учурдун абалы, фундаменталдык жана прикладдык илимдин келечектеги негизги артыкчылык багыттары” тууралуу өзүмдүн пикирлеримди билдире кетейин. Академияда илимий иштерди толук кандуу жүргүзүү үчүн биринчи кезекте ресурстар менен камсыздоо, алардын жеткиликтүү болуусун жогорулатуу зарыл. Экинчиден, илимий иштерди жүргүзгөн лабораторияларды, институттарды заманбап жабдуулар менен камсыз кылып берүү керек. Илимий иштерди изилдөөнүн жагымдуулугун жогорулатуу менен биз Илимдер Академиясына көп ийгиликтерди жаратып, чыныгы илимпоздорубузду кубандыра алабыз. Илимдер Академиясынын ал-абалын ар тараптан чыңдап, приоритеттүү кадамдарды жасамайынча бул эчен жылдарды карыткан куттуу, даңктуу мекемеден мамлекеттин жаркын келечегине татыктуу колдоолорду алуу кыйын болоору турган иш. Биздин мамлекетибизде билимге, илимге умтулган атуулдар өтө көп. - деди Улуттук илимдер Академиясынын Президенти Канат Ермекович.

## Илимий изилдөөлөр экономикалык жана социалдык өнүгүүгө багытталган

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын башкы илимий катчысы, корреспондент-мүчөсү Худайбергенова Бермет Мелисовна Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 2022-жылга карата илимий-уюштуруу ишинин негизги жыйынтыктарын чыгарды. Ал өз сөзүндө төмөндөгүлөргө токтолду:**

- Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ишмердиги мамлекеттин приоритеттүү илимий багыттарын ишке ашырууга, мекемелердин илимий-техникалык потенциалын өнүктүрүүгө, фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга жана илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын Кыргызстандын экономикалык жана социалдык чөйрөсүн өнүктүрүү үчүн пайдаланууга багытталган.

20 илимий мекемеден жана Борбордук илимий китепканадан турган Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-уюштуруучулук ишмердүүлүгүнүн натыйжалары төрт бөлүмдүн отчетторунда баяндалган.

КРнын УИАсынын жалпы кызматкерлеринин саны 1575, анын ичинен 881и илимий кызматкерлер, жалпы сандын 56%ын түзөт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөсү (академиктер) – 40, корреспондент-мүчө – 51 (2021-ж. – 42 академик, 55 – корреспондент-мүчө). Илимдин доктору – 164, илимдин кандидаты – 322, PhD – 3 (2021-ж. 163 илимдин доктору, 315 илимдин кандидаты жана 1 PhD). 35 жашка чейинки кызматкерлердин үлүшү 21%ды түзөт (2021-ж. – 22,1%).

Илимий-изилдөө иштери 113 долбоордун негизинде жүргүзүлдү (2021-ж. – 130), анын ичинен 30 долбоор бюджеттик каржылоо эсебинен (2021-ж. – 32), гранттык негизде 39 долбоор (2021-ж. – 43), чарбалык келишимдин тематикасы боюнча – 44 (2021-ж. – 55). Тилекке каршы, 2022-жылы долбоорлордун саны 2021-жылга салыштырмалуу азайды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелеринин прикладдык илимий ишмердүүлүгүн да белгилей кетели.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 3 бөлүмүнүн окумуштуулары ойлоп табууларга жана моделдерге 13 патент, 3 автордук күбөлүк, 2 патенттик каттоо күбөлүгүн, 30 ишке ашыруу актысын алышкан.

Мисалы, Геомеханика жана жер казынасын өздөштүрүү институтунун алдындагы «ГЕОПРИБОР» илимий-инженердик борбору тарабынан 4 мамлекеттик министрлик жана ведомстволор, анын ичинде КР ӨКМ менен түзүлгөн келишимдин алкагында Токтогул ГЭС каскады боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Сейсмология институту өлкөбүздүн Улуттук сейсмологиялык кызматы болуп саналат.

Машина куруу жана

### ИЛИМИЙ ЧӨЙРӨ ЖОЖдор МЕНЕН ИНТЕГРАЦИЯЛАНЫШЫ КЕРЕК

**Жыйындын жүрүшүндө Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жетекчиси Акылбек Жапаров илимий мекемелерди ЖОЖдор менен интеграциялоонун, Кыргыз Республикасындагы экономикалык саясатка илимий мамилени системалуу түрдө ишке ашырууга окумуштуулардын жана мамлекеттик органдардын өз ара катышуусунун зарылдыгын белгиледи.**

**“Бул маселени ишке ашыруу үчүн 70ке жакын илимий уюм, 1500 илимдин доктору, 5500 илимдин кандидаттары иштеп жатат. Ушул иштерди жүргүзүү үчүн жыл сайын мамлекеттик бюджеттен 700 миллион сомго жакын суммада каражат менен каржыланат. Ал ошондой эле өлкөнүн экономикасынын тез өсүшү үчүн зарыл болгон илимди көп талап кылган тармактарды, энергетика тармагын жана машина курууну кайра жандандыруу боюнча иштер башталды” деди Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров өз сөзүндө.**



# ДЕМИЯСЫНЫН
# ГҮ РОЛУ





автоматташтыруу институтунун алдындагы «Аскатеш» инженердик борбору 16 мамлекеттик жана жеке менчик ишканалардын тоо-кен машиналары үчүн атайын жабдууларын, курулуштун гидротехникалык жабдууларын, жол жабдууларын жана ар кандай багыттагы технологиялык жабдууларды диагностикалоо жана ондоо иштерин жүргүзүп келди.

Суу проблемалары жана гидроэнергетика институту Түндүк Тянь-Шань тоо аймагынын жашоочулары үчүн суу ташкыны коркунучун азайтуу боюнча сунуштарды иштеп чыкты

КР УИАнын Түштүк филиалынын А.С. Жаманбаев атындагы Жаратылыш ресурстары институту тарабынан коллектордук көң майы жана бутил спиртинин кубдук калдыктары көбүрткүчтүн негизинде Торгой-Дөбө жана Кумбел кендеринин көмүрлөрүн флотациялык байытуунун технологиясы жана технологиялык схемасы иштелип чыкты (КОБС).

Э. Гареев атындагы Ботаникалык бакча тарабынан Кыргызпатентке кара өрүктүн 9 сортуна патент алуу боюнча документтер өткөрүлдү. "Кыргыз Республикасынын аймагына колдонууга чыгарылган өсүмдүктөрдүн сорттору менен гибриддеринин мамлекеттик реестрине" кара өрүктүн "Гүлайым" аттуу жаңы сорту киргизилди. 29 өлкөнүн 94 ботаникалык бактарынан жана дендропарктарынан уруктардын тизмеси алынды. 66 Ботаникалык бакчалардан жана дендрарийлердин алмашуу фонду боюнча 823 партиядагы үрөндөрдүн үлгүлөрү алынып, дүйнөдөгү 26 өлкөнүн 76 бакчасына 1221и жиберилди.

Мамлекет жана укук институту отчеттук мезгилде мамлекеттик органдардын 100 документине, 78 саясат таануу жана 12 юридикалык экспертиза берген.

Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту КР Билим берүү жана илим министрлиги менен бирге үч тилде жарык көргөн "Кыргыз акынжазуучуларынын чыгармачылык портреттери" аттуу илимий эмгекти чыгарып, анын электрондук вариантын элге жайылтууда.

КР Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана региондук изилдөөлөр институтунун кызматкерлери С.Осмонова, Э.Мырзабеков Кара-Суу районунун аймагынан Даван дооруна таандык табылгаларды, ошондой эле Ош облусунун Аксы районунун аймагынан бүгүнкү күнгө чейин изилденбеген петроглифтерди табышкан.

2022-жылы КР УИАнын Илимий-изилдөө мекемелеринин изилдөө иштеринин натыйжалары жарык көргөн макалаларда жана монографияларда чагылдырылган. Жалпысынан 1089 эмгек жарык көргөн (2021-ж. – 1124), анын ичинен 365и чет өлкөлөрдө басылган (2021-ж. – 383). Басылмалардын ичинен 40 монография жарык көрдү, анын ичинен 10у чет өлкөдө, 2 монография англис тилинде чыкты. РИНЦ индекстелген журналдарында – 570 (2021-ж. – 457), Scopus – 57 (2021-ж. – 76), Web of Science – 16 (2021-ж. – 36) илимий макала жарыяланды.

2022-жылы КР УИАнын Илимий-изилдөө мекемелеринин 15 диссертациялык кеңештеринде 23 докторлук диссертация корголгон, анын ичинен 16сы КР УИАнын кызматкерлери, 7си ЖОЖдордун кызматкерлери, 52 кандидаттык диссертация, анын ичинен 30у Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери, 22си ЖОЖдордун кызматкерлери. 2022-жылдын аягына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын институттарында 411 аспирант билим алууда (20 аспирант – Казакстан Республикасынын жарандары), анын ичинен 100 студент күндүзгү бөлүмдө (20 – Казакстан Республикасынан) ), 311 – сырттан окуган аспиранттар.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын 1575 кызматкеринин ичинен 83 илимдин доктору жана 145 илимдин кандидаты Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында сабак беришет. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери тарабынан жогорку жана орто окуу жайлары үчүн 79 окуу китеби жана окуу-усулдук колдонмолор жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы чет өлкөлүк мекемелер, борборлор жана уюмдар менен эл аралык илимий байланыштарды да өнүктүрүүдө. КР УИАсы Интеракадемия Өнөктөштүгү (IAP), Азиядагы илимдер академияларынын жана коомдорунун Ассоциациясы (AASSA), "Илим" эл аралык академиялык агенттиво (МААН), КМШ эл аралык нанотехнологиялар инновациялык борбору (МИЦНТ), Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрүнүн Академиялык кеңешинин мүчөсү. 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы "Бир алкак – бир жол" эл аралык кызматташуусунун алкагында ANSОнун тең негиздөөчүсү болгон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илимий-изилдөө мекемелери тарабынан 98 эл аралык илимий конференциялар өткөрүлдү.

2022-жылдын 16-17-июнунда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы КМШга мүчө мамлекеттердин окумуштууларынын IV Форумун өткөрдү. Анда санариптик доордо фундаменталдык илимдин абалына жана өнүгүү келечегине, келечектеги инновациялык илимий изилдөөлөрдү ишке ашыруунун жолдоруна баа берилип, КМШ өлкөлөрүндө билим жана илим тармагын санариптештирүү процессин мындан ары өркүндөтүү маселелери талкууланды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы 2022-жылы 8-9-ноябрында "Кытай + Борбордук Азиянын беш өлкөсү" аналитикалык борборлорунун II Форумуна катышып, тараптар аймактык кызматташтыктын жана коопсуздуктун актуалдуу маселелерин талкуулашты. 2022-жылы 4 жаңы келишимге жана макулдашууларга кол коюлду.

Б. Жамгерчинов атындагы Мамлекет жана укук институту тарабынан 2005-жылдын 24-мартындагы, 2010-жылдын 7-апрелиндеги, 2020-жылдын 5-6-октябрындагы окуяларга арналган "Эл бийлиги – эгемендик жолунда" аттуу Эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн.

## Жыйын соңунда

Докладдарды жана жарыш сөздөрдү талкуулоодон кийин 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жалпы чогулушунун токтому кабыл алынды:

– илимий, илимий-уюштуруучулук жана инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн мыйзамдык базасын өркүндөтүү маселелерин иштеп чыгуу зарыл; илимий жабдууларды дүйнөлүк стандарттын заманбап талаптарына ылайык инвентаризациялоо.

– Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын өзгөчө статусун ишке ашыруу боюнча ишти күчөтүү, каржылоонун жана артыкчылыктуу илимий багыттардын чегинде УИАнын илимий жана уюштуруучулук ишин оптималдаштыруу (КР Конституциясынын 22-беренесинин 5-пунктуна ылайык); Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы «Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы илимий прогресстин жана үзгүлтүксүздүк принциптеринин негизинде фундаменталдык жана прикладдык илимдер тармагындагы багыттарды координациялайт».

– Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы №26 «Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык сунуштарды иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлсүн.

– Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери тарабынан даярдалган эң келечектүү иштеп чыгууларды каржылоого жана өндүрүшкө киргизүүгө жетишүү; илимди финансылоону жана окумуштуулардын эмгек акысын бир кыйла көбөйтүү.

**Жалпы чогулушта кабыл алынган токтомдор аткарылса илимий чөйрөдө көптөгөн ийгиликтердин жаралa тургандыгы анык. Андыктан илимдер академиясынын жетекчилигине, жалпы жамаатына ийгилик тилеп туралы.**

**Раиса ДҮЙШЕНБЕКОВА**





Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУНУН ГИДРОГЕОГРАФИЯЛЫК ПРИНЦИБИНИН НЕГИЗИНДЕ БАШКЫ БАССЕЙНДЕРДИН АЙМАКТЫК ЧЕК АРАЛАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Суу кодексинин 8-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын суу ресурстарын башкаруунун гидрогеографиялык принцибинин негизинде башкы бассейндердин аймактык чек араларынын сыпатталышы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом расмий жарыялаган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 17-февралы, №89***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 12-ДЕКАБРЫНДАГЫ №661 "БАНКТЫК ЭМЕС ФИНАНСЫЛЫК РЫНОК ЖААТЫНДА ИШТИН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮН ЛИЦЕНЗИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ УБАКТЫЛУУ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Банктык эмес финансылык рынок жаатында ишти лицензиялоо маселелерин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасында лицензиялоо-уруксат берүү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-декабрындагы №661 "Банктык эмес финансылык рынок жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттагы "2022-жылдын 31-декабрына" деген сөздөр "2024-жылдын 31-декабрына" деген сөздөргө алмаштырылсын:

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктык эмес финансылык сектор жаатында иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө убактылуу жободо:

- 2-пункттагы онунчу, он тогузунчу, жыйырма биринчи абзацтар күчүн жоготту деп таанылсын;

- 9, $9^1$, 18-главалар күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 20-февралы, №91***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №264 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин - 2021-жылдын 24-июлундагы №313 «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу», 2022-жылдын 21-апрелиндеги №123 «Креативдүү экономиканы өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасын прогрессивдүү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү боюнча чаралар жөнүндө» жарлыктарын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 11-пункттагы «90», «101», «219» деген цифралар тиешелүү түрдө «92», «137», «181» деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу бекитилген штаттык сандын жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана андан кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 22-февралы, №93***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 8-ДЕКАБРЫНДАГЫ №671 "2022-ЖЫЛДЫН 14-17-СЕНТЯБРЫНДА КЫРГЫЗ-ТАЖИК ЧЕК АРАСЫНДА БОЛГОН КАГЫЛЫШУУНУН КЕСЕПЕТИНЕН ЖАБЫР ТАРТКАН БАТКЕН ОБЛУСУНУН ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕРИНЕ КЕЛТИРИЛГЕН ЗЫЯНДЫН ОРДУН ТОЛТУРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болгон кагылышуунун кесепетинен жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 "Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-декабрындагы №671 "2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болгон кагылышуунун кесепетинен жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине келтирилген зыяндын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 "Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен түзүлгөн Баткен жана Ош облустарында болгон куралдуу кагылышуунун кесепетинен бузулган жана талкаланган административдик-аймактык бирдиктерди калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын чечимине ылайык бюджеттик кредит берүү үчүн каражаттардын жалпы суммасын аныктасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитети менен макулдашуу боюнча жабыр тарткан ишкерлерге төмөнкү шарттарда бюджеттик кредит бөлүп берсин:

зыяндын өлчөмү 299 999 (эки жүз токсон тогуз миң тогуз жүз токсон тогуз) сомго чейин болгондо - 200 000 (эки жүз миң) сомго чейинки суммада бюджеттик кредит;

зыяндын өлчөмү 300 000 (үч жүз миң) сомдон 999 999 (тогуз жүз токсон тогуз миң тогуз жүз токсон тогуз) сомго чейин болгондо -700 000 (жети жүз миң) сомго чейинки суммада бюджеттик кредит;

зыяндын өлчөмү 1 000 000 (бир миллион) сомдон 4 999 999 (төрт миллион тогуз жүз токсон тогуз миң тогуз жүз токсон тогуз) сомго чейин болгондо - 1 000 000 (бир миллион) сомго чейинки суммада бюджеттик кредит;

зыяндын өлчөмү 5 000 000 (беш миллион) сомдон 49 999 999 (кырк тогуз миллион тогуз жүз токсон тогуз миң тогуз жүз токсон тогуз) сомго чейин болгондо - 5 000 000 (беш миллион) сомго чейинки суммада бюджеттик кредит;

зыяндын өлчөмү 50 000 000 (элүү миллион) сомдон ашык болгондо - 15 000 000 (он беш миллион) сомго чейинки суммада бюджеттик кредит;

пайыздык ставка - жылдык 1 пайыз;

кредитти төлөө мөөнөтү - 5 (беш) жыл, квартал сайын бирдей төлөмдөр менен;

300 000 (үч жүз миң) сомго чейинки бюджеттик кредит кепилдик менен, ал эми 300 000 (үч жүз миң) сомдон ашык күрөөлүк негизде берилет;

финансылык санкциялар - мөөнөтү өткөн карыздын суммасына кошуп эсептелүүчү жылдык 6 пайыз;

карыздын негизги суммасын төлөөгө жана негизги сумма боюнча кошуп эсептелген пайыздык ставка боюнча жеңилдетилген мезгил -1 (бир) жыл;

бул объект жайгашкан жер боюнча экономикалык иштин жабыр тарткан объектин калыбына келтирүү максатында гана берилет;";

2) төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$, $3^2$-пункттар менен толукталсын:

"$3^1$. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы №313 "Баткен жана Ош облустарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен түзүлгөн Баткен жана Ош облустарында болгон куралдуу кагылышуунун кесепетинен бузулган жана талкаланган административдик-аймактык бирдиктерди калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын чечими менен бекитилген жабыр тарткан ишкерлердин тизмесине ылайык жана 2022-жылдын 17-сентябрын кошо алгандагы мезгилге чейин экономикалык (ишкердик) иштин субъекти катары катталбаган ишкерлерди оперативдүү тартипте тиешелүү мамлекеттик каттоону ишке ашырсын. Каттоону жабыр тарткан ишкер тарабынан берилген ишкердик иш жүргүзгөн жери боюнча айыл өкмөтүнөн 2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болгон кагылышууга чейин алардын ишкердик иш жүргүзгөндүгүнүн аныктыгын ырастаган маалымкаттын негизинде жүргүзсүн.

$3^2$. 2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болгон кагылышуунун кесепетинен жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттери бюджеттик кредиттерди алууда Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында кредиттик жана күрөөлүк келишимдерди күбөлөндүрүү, ошондой эле бюджеттик кредитти берүүгө байланышкан башка нотариалдык иш-аракеттерди жасоо үчүн мамлекеттик алымдын нөлдүк ставкасы колдонулат деп белгиленсин.";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген 2022-жылдын 14-17-сентябрында кыргыз-тажик чек арасында болгон кагылышуунун кесепетинен жабыр тарткан Баткен облусунун ишкердик субъекттерине келтирилген зыяндын ордун толтуруу тартибинде:

4-пунктта:

- биринчи абзацтагы "Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратына" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 3-пунктча "салык органынын маалымкатын" деген сөздөрдөн кийин ", салыктык жана (же) эсептик каттоосу жок болгон учурда жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан түзүлгөн жарандык коргонуу боюнча райондук комиссиянын актылары менен аныкталган жабыр тарткан ишкерлер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан экономикалык ишти иш жүзүндө жүргүзүү жөнүндө тиешелүү документтерди алууга, бул документтердин негизинде компенсация алуу үчүн белгиленген тартипте аймактык салык органдарында мамлекеттик каттоодон өтүүгө укуктуу." деген сөздөр менен толукталсын;

- 4-пунктча күчүн жоготту деп таанылсын;

- 5-пунктчадагы "экономикалык иш субъектинин" деген сөздөр "ишкердик субъекттин" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 22-февралы, №92***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОКУЛУК РАЙОНУНУН СОКУЛУК АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 10-октябрындагы №02-6а-532 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 30-сентябрындагы №57 токтомун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Сокулук айыл аймагынын №479 (41,73 га) жана №481 (0,9 га) контурларында жайгашкан, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 42,63 га сугат айдоо жерлери дене тарбия-ден соолукту чыңдоо комплексин куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 25-февралы, №97***

## 2026-ЖЫЛГА ЧЕЙИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЗНЕСТИ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасы 1-тиркемеге ылайык;

2) 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планы 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы (макулдашуу боюнча), Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (макулдашуу боюнча) жыл сайын отчеттук мезгилден кийинки жылдын 1-июнуна жана 31-декабрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын бизнести өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын ишке ашырылуунун жүрүшү жөнүндө маалымат берсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 22-февралы, №94***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮНҮН, БАШКА АСКЕРДИК ТҮЗҮМДӨРҮНҮН ЖАНА МЫЙЗАМДА АСКЕРДИК КЫЗМАТ КАРАЛГАН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН КАТАРЫНАН МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН БЕЛГИЛЕНГЕН МӨӨНӨТҮН ӨТӨП БҮТКӨН АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТТЫН КЫЗМАТЧЫЛАРЫН ЗАПАСКА БОШОТУУ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ 2023-ЖЫЛДЫН МАРТ–МАЙЫНДА ЖАРАНДАРДЫ МӨӨНӨТТҮҮ АСКЕРДИК ЖАНА АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЗМАТ ӨТӨӨГӨ КЕЗЕКТЕГИ ЧАКЫРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 24-февралындагы №37 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчыларын жана альтернативдик кызматтын кызматчыларын запаска бошотуу, ошондой эле 2023-жылдын март-майында жарандарды мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызмат өтөөгө кезектеги чакыруу жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15, 17, 21 жана 31-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн, башка аскердик түзүмдөрүнүн жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарынын катарынан мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматтын белгиленген мөөнөтүн өтөп бүткөн аскер кызматчылары жана альтернативдик кызматтын кызматчылары запаска бошотулсун.

**2.** Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары менен биргеликте (макулдашуу боюнча):

1) чакыруу күнүнө карата 18 жашка толгон, чакыруудан кийинкиге калтырылууга укуктары жок, ошондой эле чакыруудан кийинкиге калтыруу укугунан ажыраган эркек жарандарды 2023-жылдын март-майында Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнө, башка аскердик түзүмдөрүнө жана мыйзамда аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарына мөөнөттүү аскердик жана альтернативдик кызматка чакыруу боюнча иш-чараларды уюштурсун;

2) райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын түзсүн, аларды медициналык күбөлөндүрүү үчүн зарыл болгон медициналык мүлктөр жана шаймандар менен жабдылган чакыруу (топтоо) пункттары менен камсыз кылсын;

3) жарандарды кабарлоо жана аскер комиссариаттарына уюшкандыкта келүүсүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн жана зарыл болгон учурда аларды автотранспорт менен жеткирүүнү уюштурсун.

**3.** Республикалык чакыруу комиссиясынын курамы тиркемеге ылайык бекитилсин жана ага райондук (шаардык) чакыруу комиссияларын жетектөө, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерине жарандардын даттануулардын жана кайрылууларын кароо, райондук (шаардык) чакыруу комиссияларынын чечимдерин тандап текшерүү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктар жүктөлсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) аскер комиссариаттарынын өтүнмөлөрү боюнча райондук (шаардык) чакыруу комиссияларында чакырылуучуларды медициналык күбөлөндүрүүдөн өткөрүү үчүн квалификациялуу врач-адистерди жана орто медициналык персоналды бөлүп берсин;

2) мөөнөттүү аскердик кызматка чакырылган жарандарды кызмат өтөө жерине жөнөтүүнүн алдында контролдук медициналык кароодон өткөрүү үчүн Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Балыкчы, Талас жана Кадамжай шаарларындагы топтоо пункттарын врач-адистер (терапевт, хирург, невропатолог, дерматолог, окулист, отоларинголог, стоматолог, психиатр, рентгенолог-фтизиатр) жана орто медициналык персонал менен камсыз кылсын;

3) ден соолугунун абалы кошумча изилдөөлөрдү талап кылган чакырылуучуларды дарылоо-профилактикалык мекемелерде кезексиз стационардык (амбулатордук) медициналык текшерүүнү камсыз кылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги:

1) аскердик милдетти аткаруудан качкан адамдарды издөөнү, кармоону жана райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жеткирүүнү жүзөгө ашырсын;

2) райондук (шаардык) аскер комиссариаттарына жарандардын соттуулугу, ошондой эле алардын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылгандыгы жөнүндө маалыматтарды берсин;

3) аскер комиссариаттарында, топтоо пункттарында жана чакырылуучуларды салтанаттуу узатуу жерлеринде коомдук тартипти сактоону камсыз кылсын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 28-февралы, №99***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУНУН КАРА-ОЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "ТОКОЙ ФОНДУНУН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРЫНЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Кара-Ой айыл аймагында пляж аймагын уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 1-февралындагы №01-49-336 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 27-январындагы №3 токтомун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Мамлекеттин менчигинде турган жана Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун Кара-Ой айыл аймагында жайгашкан 14,8 га жер "Токой фондунун жерлери" категориясынан "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлери" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерлерди эсепке алуучу документтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу пайдаланууну;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруунун суммасын төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 22-февралы, №95***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ, МААЛЫМАТ, СПОРТ ЖАНА ЖАШТАР САЯСАТЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун ырааттуулугун, туруктуулугун камсыз кылуу жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №251 «Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жөнүндө жободо:

- 15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15. Министрликте министрдин биринчи орун басарынын, министрдин орун басарларынын кызмат орундары каралган.

Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары министрдин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат орduна дайындалат.

Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары түздөн-түз министрге баш иет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин жана ыйгарым укуктарынын чегинде Министрликтин ишин уюштурат.

Министрдин биринчи орун басары жана министрдин орун басарлары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын демилгеси боюнча же министрдин сунушу боюнча ээлеген кызмат ордунан бошотулушу мүмкүн.»;

- 16-пункт «Министр,» деген сөздөн кийин «министрдин биринчи орун басары,» деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын максималдуу өлчөмү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинин 11-пунктундагы «5» деген цифра «6» деген цифрага алмаштырылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 28-февралы, №100***

## ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНАН ТЫШКАРЫ РЕГЕНЕРАЦИЯЛАНУУЧУ КАГАЗДЫ ЖАНА КАРТОНДУ (МАКУЛАТУРА ЖАНА ТАШТАНДЫ) ТАШЫП ЧЫГУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** ЕАЭБ ТЭИ ТН 4707 коду менен классификацияланууучу регенерацияланууучу кагазды жана картонду (макулатура жана таштанды) Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан тышкары ташып чыгууга (экспорттоого) алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда аталган товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл болгон чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №426 "Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагынан тышкары регенерацияланууучу кагазды жана картонду (макулатура жана таштанды) ташып чыгууга (экспорттоого) убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 28-февралы, №103***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН «БАТКЕН ОБЛУСУНУН БАТКЕН, КЫЗЫЛ-КЫЯ, СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШТЕРИНИН ЖАНА БАТКЕН, КАДАМЖАЙ ЖАНА ЛЕЙЛЕК РАЙОНДОРУНУН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН АЙМАГЫНДАГЫ ШАЙЛОО УЧАСТОКТОРУНУН СХЕМАЛАРЫН ЖАНА ЧЕК АРАЛАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» 2020-ЖЫЛДЫН 30-ЯНВАРЫНДАГЫ №14 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай айыл аймагынын №8063 шайлоо участогунун схемаларына жана чек араларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана ошондой эле Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай айыл аймагынын Миң-Булак айылында жаңы шайлоо участогун түзүү жөнүндө Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 4-мартындагы №3 чечими келип түшкөн.

Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын чечими Баткен облусунун Баткен районунун Ак-Сай айыл өкмөтүнүн башчысынын Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай айыл аймагынын Миң-Булак айылындагы шайлоо участкасын түзүү жөнүндө 2023-жылдын 3-мартындагы №04-27/159 кайрылуусунун негизинде кабыл алынган.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясынын 2020-жылдын 20-январындагы №4 токтому менен бекитилген «Шайлоо округдары менен шайлоо участокторунун схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө» Жобосуна ылайык, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын «Баткен облусунун Баткен, Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаардык кеңештеринин жана Баткен, Кадамжай жана Лейлек райондорунун айрым жергиликтүү кеңештердин аймагындагы шайлоо участокторунун схемаларын жана чек араларын бекитүү жөнүндө» 2020-жылдын 30-январындагы №14 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- аталган токтомдун тиркемесинде Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай аймагынын №8063 шайлоо участкасынын схемасы жана чек аралары бул токтомдун 1-тиркемесине ылайык баяндалсын.

**2.** Баткен облусунун Баткен районунун Ак-Сай айыл аймагынын Миң-Булак айылында жаңы №8219 шайлоо участкасы түзүлсүн жана анын схемасы жана чек аралары 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Баткен аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте жаңыдан түзүлгөн шайлоо участкасынын дареги боюнча шайлоочулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**4.** Баткен аймактык шайлоо комиссиясы Миң-Булак айылындагы №8219 участкалык шайлоо комиссиясынын курамын жана резервин түзсүн.

**5.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***г. Бишкек, 2023-жылдын 4 марты, №13***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 4-мартындагы №13 токтомунун 1-тиркемеси*

**БАТКЕН ОБЛУСУ, БАТКЕН РАЙОНУ**

**Ак-Сай айылдык кеңеши**

**№8063 Көк-Таш шайлоо участкасынын схемасы жана чек арасы**

**Борбору** Көк-Таш айылы, Ш.Ганы ат. орто мектеби, Боронбаев Орозбай-13

**Чек арасы:** Көк-Таш айылы Ы.Абдуллаев, М.Назымов, Т.Айдаров, М.Назаров, У.Халматов, Т.Сапарбаев, А.Мараимов, Т.Аширов, О.Жороев, С.Абдуллаев, М.Бостонбаев, Ынтымак, К. Бердиев, Б.Боронов, К.Масыдыков, М.Шоруков, Т.Козубаев, Б.Жолдубаев, Г.Шадыев, Г. Каратаев, Молло Бегали, Ч.Топчиев, Ы.Шергазиев, Ж.Шайдуллаев, Э.Жалилов, О.Боронбаев, СМУ участогундагы О. Жороев, Н.Анаров, К.Осмонов, М.Абдуллаев, Ш.Шергазиев, Б.Мурзакулов, Келечек, О.Акматов, Жениш Раззаков, Сыдыков Кожояр, Токтоматов Айдар, Чек-Дөбө, көчөлөрү

**Шайлоочулардын саны**: 1622

| № УШК | № | Көчөнүн аталышы | Шайлоо участогунун чек арасынын чегинде жайгашкан кыймылсыз объектилердин тизмеси |
|---|---|---|---|
| 8063 | 1 | Ы.Абдуллаев | так: 1, 3, 5, 7, 9, 11, 13, 15, 17 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8/1, 8, 10,12, 14 |
| | 2 | М.Назымов | так: 1, 3, 1/1, 1/2, 3/1, 5, 7 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8, 10 |
| | 3 | Т.Айдаров | так: 1, 3, 1/1, 1/2, 1/3, 1/4, 1/5 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8, 10, |
| | 4 | М.Назаров | так: 1, 3, 5, 7, 9, 11, 13, 15, 17, 19, 21, 23, 25 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8, 10, 12, 14, 16, 18, 20, 22, 24, 8/1, 26, 26/1 |
| | 5 | О.Боронбаев | так: 1-мечит, 3-ПОМ, 5, 7, 9, 11, 13-ПОМ, 9/1, 11/1, 15, 17, 17/1, 17/2, 21 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8, 10, 12, 2/1, 2/2, 2/3, 4/1, 4/2, 4/3, 4/4, 6/1 |
| | 6 | У.Халматов | так: 1, 3, 5, 7, 9 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 6/1, 6/2, 6/3, 6/4, 8, 10, 12 |
| | 7 | Т.Сапарбаев | так: 1, 3, 5, 7 |
| | | | жуп: 2, 4, 6, 8, 10, 12, 14, 16 |
